**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 31 – октябры № 30/113**

**Кызыл-Кыя шаары менен Кадамжай районунун Үч-коргон айыл өкмөтүнүн чек арасын тактоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 11-октябрындагы №42 протоколун жана Кызыл-Кыя шаарынын мэринин 1-орун басары Ж.Курбановдун 2023-жылдын 10-октябрындагы № 01-8/1794 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл-Кыя шаары менен Кадамжай районунун Үч-коргон айыл өкмөтүнүн чек арасын тактоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин алдындагы “КАДАСТР” мамлекеттик мекемесинин Кызыл-Кыя шаарындагы филиалынын жетекчиси К.Ахматовдун маалыматы эске алынсын.

2. Кызыл-Кыя шаары менен Кадамжай районунун Үч-коргон айыл өкмөтүнүн чек арасын тактап берүү жагы Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын “Кыргызмамжердолбоорлоо” жерге жайгаштыруу мамлекеттик ишканасынын Баткен жерге жайгаштыруу экспедициясынан суралсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **Т.Алимбекова**